**«АБанк» ААКсынын «Visa Business Boost»**

**ШЫКТАНДЫРУУЧУ АКЦИЯСЫНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул документ «АБанк» ААКсы өткөрө турган «Visa Business Boost» акциясынын өткөрүү шарты болуп саналат (мындан ары - «**Ереже**»), «Visa Business Boost» акциясын өткөрүүнүн тартибин жана шарттарын (мындан ары - «**Акция**»), акцияга катышуу шарттарын белгилейт, белектерди караштыруу жана аларды жеңүүчүлөргө берүү тартибин жана шарттарын жөнгө салат, ошондой эле акциянын башка маанилүү шарттарын аныктайт.

1.2. «Visa Business Boost» акциясынын уюштуруучусу «АБанк» ААКсы (мындан ары — «Банк») болуп саналат.

1.3. Акциянын иштөө мөөнөтү 2026-жылдын 01 кулжа айынан тартып 2026-жылдын 14 бештин айыга чейинки (кошо эсептегенде) мезгил аралыгын түзөт. Банк акцияны өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу (токтотуу же узартуу). Мөөнөтү өзгөргөн учурда Банк бул тууралуу кардарларга Банктын https://www.ab.kg расмий сайтында маалымдоого милдеттүү (мындан ары – «Банктын расмий сайты»).

1.4. Акция шыктандыруучу лотерия болуп эсептелбейт. Акциянын жеңүүчүлөрүн аныктоодо кокустук тандоо принциби колдонулбайт (жеңүүчүнү тандоодо атайын алгоритм колдонулат).

1.5. Акция жеке ишкерлерге арналган жана кызматташуу аркылуу төмөнкү максаттарга жетүүнү көздөйт:
- «Visa Business» төлөм карттарынын эмиссиясын көбөйтүү;
- Карттарды колдонуу менен накталай эмес операциялардын санын көбөйтүү (POS – терминалдар аркылуу төлөөлөр, интернет төлөмдөр);
- «Береке» мобилдик тиркемесине жаңы колдонуучуларды тартуу, ошондой эле «Береке» мобилдик тиркемесинин кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууга шыктандыруу;
- Банктын тейлөөсүнө жаңы кардарларды тартуу.

1.6. В Акцияга төмөнкүлөр катышат алат:
- «Береке» мобилдик тиркемесине катталган жеке ишкерлер;
- Банктын Visa Business төлөм картын пайдалануучулар болуп саналган жеке ишкерлер.

1.7. Акцияга төмөнкүлөр катыша албайт:
- Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналбаган адамдар.
- Банктын кызмат адамдары, анын ичинде негизги кызмат адамдары жана кызматкерлери (Банк Башкармасынын, Директорлор кеңешинин мүчөлөрү), ошондой эле Уюштуруучу менен аффилирленген жактар;
- Чет өлкө валютасындагы эсептер жана транзакциялар.

1.8. Бардык алынуучу байгелер Банктын ички ченемдик документтерине ылайык Банк тарабынан сатылып алынат;

1.9. Акциянын жыйынтыгы, анын ичинде жеңүүчүлөр жөнүндө маалымат Банктын социалдык тармактардагы расмий баракчаларына жайгаштырылат, ошондой эле Банктын расмий сайтына жарыяланат.

## 2. Жалпы терминология

2.1. **Кардар** — «Береке» мобилдик тиркемесинде катталган жана акция өткөрүү убагында Visa Business төлөм картын ачкан жеке ишкер.

2.2. **«Береке» мобилдик тиркемесинин колдонуучусу** — «Береке мобилдик тиркемесин (мындан ары – «Береке») көчүргөн жана идентификациялоодон ийгиликтүү өткөн же «Береке» тиркемесин расмий тиркемелер дүкөнүнөн жана/же Уюштуруучунун расмий маалымат каналдары аркылуу жөнөтүлгөн шилтемелер аркылуу көчүрүп алган Банктын бөлүмдөрүндө жана аралыктан идентификациялоодон ийгиликтүү өткөн кардар.

2.3. **Расмий тиркемелер дүкөндөрү** – Android жана iOS платформаларындагы жабдуулар үчүн мобилдик тиркемелер санариптик дүкөндөрү (Google Play, AppGallery жана App Store)

2.4. **«Береке»** — бул кардарга мобилдик жабдуу аркылуу банк эсептериндеги акча каражаттарын тескөө боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоого багытталган программалык-техникалык каражаттар жана уюштуруу иш-чаралар системасы.

2.5. **Акциянын катышуучусу –** кардар, 18 жашка толгон, «Береке» мобилдик тиркемесинин колдонгон, Акция убагында тапшырмалар тизмесине ылайык жок дегенде бир иш-аракетти аткарган Кыргыз Республикасынын резиденти.

2.6. **«Береке»** тапшырмалары – акция катышуучусуна ваучер алуу максатында аткаруу талап кылынган айкын иш-аракеттер же иш-чаралар.

2.7. **Ваучер –** ар бир аткарылган тапшырма үчүн бериле турган виртуалдык билет.

2.8. **Прогресс-бар –** колдонуучу тарабынан «Береке» тапшырмаларын аткаруунун жүрүшүн чагылдырган индикатор.

2.9. **Рефералдык шилтеме** — бул колдонуучунун атайын идентификаторун (рефералдык код) камтыган уникалдуу шилтеме. Ал «Береке» мобилдик тиркемесине жаңы кардарларды чакыруу үчүн пайдаланылат.

2.10. **Акциянын байге фонду –** Акциянын шарттарында жана түзүмүндө каралган бардык байгелердин топтому башкы байге, ири байгелер, чакан байгелер).

2.11. **Катышуучунун жеке кабинети –** «Береке» мобилдик тиркемесинин ваучерлердин саны, Акцияга катышуунун статусу жөнүндө тапшармалар таржымалы жана алынган байгелер чагылдырылган бөлүм.

2.12. **VISA International** – Visa International эл аралык төлөм системасы.

2.13. **СТИ –** VISA төлөм карттары тейлеген бардык соода-тейлөө ишканалары.

2.14. **E-commerce** – VISA төлөм карттарын пайдалануу менен интернет тармагында жүргүзүлгөн накталай эмес төлөмдөрдүн бардык түрлөрү.

2.15. **Байгелерди ойнотуу** – Акциянын Уюштуруучулары тарабынан иш-чаранын жыйынтыгын жарыялоо күнүндөгү байгелерди тапшыруу аземи.

2.16. **ЧОБ –** чакан жана орто бизнес.

2.17. **ЖИ (ИП)** – жеке ишкер

2.18. **ЖИ (ЧП)** – жеке ишкер

2.19. **POS-терминал** – соода-тейлөө ишканаларында банк карттарын жана NFC – төлөмдөрүн пайдалануу менен төлөмдөрдү кабыл алууга арналган жабдуу.

## 3. Байге фонду

3.1. Акциянын байге фонду Уюштуруучунун эсебинен түзүлөт жана төмөнкүдөй белектерди камтыйт:

| Категориялар | Байге | Саны (даана) |
|---|---|---|
| Башкы байге | 2 адамга Мальдив аралдарына жолдомо | 1 |
| 1-категория | MacBook | 2 |
| 2-категория | Iphone 17 | 12 |
| 3-категория | Фирмалык Мерч | 840 |

3.2. Эгерде акциянын жалпы мөөнөтү аяктаганга чейин байге фонду толук түгөнсө, катышуучуларга Банктын расмий маалымат каналдары аркылуу акциянын мөөнөтүнөн мурда аякташы жөнүндө маалымат берилет. Мында акция токтотулгандыгы жөнүндө жарыядан кийин акция шарттарын аткарган катышуучулар жеңүүчү катары таанылбайт.

3.3. Эгерде акциянын мөөнөтү аяктаган учурга карата акциянын байге фонду толук көлөмдө берилип бүтпөгөн болсо, анда акциянын байге фондунан калган белектерди катышуучулар арасында бөлүштүрүү жүргүзүлбөйт.

## 4. Акцияга катышуунун шарттары

4.1. Акцияны өткөрүү убагында «Береке» колдонуучусу акцияга катышуу үчүн төмөнкүдөй аракеттерди аткарууга тийиш:

· «Береке» колдонуучусу болуу/ колдонуучу болуп катталуу.

· Банктын Visa Business төлөм картынын карт ээси/кармоочусу болуп катталуу.

· «Береке» колдонуучусуна авторизацияланган зонада акцияга катышуу үчүн pop-up баннери башкы терезеде жеткиликтүү, аны басуу менен ал катышууга макулдук берет.

4.2. Ваучерлерди алуу үчүн катышуучуга төмөнкү тапшырмаларды аткаруу зарыл:

**«Береке» колдонуучусу үчүн тапшырмалар:**

| № п/п | Тапшырма | Ваучер алуу үчүн минималдуу маани | Аткаруу үчүн эскертмелер |
|---|---|---|---|
| 1 | **Төлөмдөрдү өз бизнесиңдин QR боюнча кабыл алуу** | Ар бир кабыл алынган 5 000 сом үчүн 1 ваучер | *Кабыл алынган төлөмдөр тегеректелет. Мисалы: 500 сом + 3 000 сом + 1 500 сом = 5 000 сом = 1 ваучер.*<br><br>*Max куну но 10 ваучер* |

| № п/п | Тапшырма | Ваучер алуу үчүн минималдуу маани | Аткаруу үчүн эскертмелер |
|---|---|---|---|
| 2 | **POS-терминал аркылуу карт менен төлөм аткаруу** | 2 ваучер | Транзакциянын минималдуу суммасы 500 сом |
| 3 | **Visa Business карты менен интернет төлөмдү ишке ашыруу** | 2 ваучер | Ваучерлер Visa Business карты интернет төлөм сервисине байланган учурда берилет |
| 4 | **Айыптарды «Береке» тиркемеси менен төлөө.** | 1 ваучер | Ваучерлердин саны чектелбейт |
| 5 | **Камсыздандыруу төгүмдөрүн «Береке» тиркемеси менен төлөө.** | 1 ваучер | Ваучерлердин саны чектелбейт |
| 6 | **Патентти «Береке» тиркемеси менен узартуу.** | 1 ваучер | Ваучерлердин саны чектелбейт |
| 7 | **Салыктарды «Береке» тиркемеси менен төлөө.** | 1 ваучер | Ваучерлердин саны чектелбейт |
| 8 | **Уникалдуу рефералдык шилтеме менен ишкер-досту чакыруу** | 2 ваучера | Ваучерлер акциянын катышуучусуна жана шилтеме боюнча катталган кардарга чегерилет. Чакырылган колдонуучулар сиздердин уникалдуу шилтеме боюнча «Берекеге» катталууга жана тиркемеде Visa Business картына буйрутма берүүгө тийиш. |

4.3. «Береке» тиркемесинин башкы баракчасында акциянын ар бир катышуучусунун тапшырмалар статусун жана архивин көрүү мүмкүнчүлүгү бар блок жеткиликтүү.

4.4. Эгерде катышуучу тапшырманы ийгиликтүү аткарса – жогоруда келтирилген таблицага ылайык ваучерлер берилет.
4.5. Ваучерлер акциянын катышуучуларына акциянын шарттары аткарылгандан кийинки календардлык күнү чегерилет.
4.6. Эгерде катышуучу тапшырманы аткаруу процессинде болсо ага прогресс-барды көрүү мүмкүнчүлүгү берилет.
4.7. Акциянын ар бир календардык жумадагы жыйынтыгы боюнча күнүмдүк тапшырмаларды белгиленген көлөмдө биринчи болуп аткарган 30 (отуз) катышуучуга «Береке» тиркемесинде белектери бар виртуалдык белек кутусу ачылат.
4.8. Ар бир белек кутусунда 2 жана 3-категориядагы кызыктыруучу белектер камтылган.
4.9. Белек кутусун ачуу форматы маалыматтык-визуалдык гана мүнөздө болуп, лотереянын, конкурстун же кумар оюндарынын элементи болуп эсептелбейт.
4.10. Акция мезгилинде эң көп ваучер топтогон катышуучу акциянын жеңүүчүсү болуп эсептелет.
4.11. Эгерде бир нече катышуучу бирдей сандагы ваучер топтосо, жеңүүчү төмөнкү критерийлерге ылайык ырааттуулук менен аныкталат:
   4.11.1. Транзакциялардын саны боюнча — көбүрөөк транзакцияны ишке ашырган катышуучу артыкчылыкка ээ болот.
   4.11.2. Эгерде бул көрсөткүч да бирдей болсо — транзакциялардын жүгүртүү көлөмү (жалпы суммасы) каралат. Мында жүгүртүү көлөмү жогору катышуучу жеңүүчү деп табылат.
   4.11.3. Эгер ушул эки көрсөткүч тең бирдей болсо — акциянын шарттарын биринчи болуп аткарган катышуучу жеңүүчү болуп эсептелет (опциялуу критерий, зарыл болгон учурда кошууга болот).
4.12. Жеңүүчүлөрдү аныктоо байгелерди ойнотуунун ачыктыгын жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн Банк кызматкерлеринен турган атайын комиссия тарабынан бекитилет.

## 5. Белектерди алуунун тартиби

5.1. Акциянын жеңүүчүсүнө «Береке» аркылуу утуш жөнүндө Push-билдирүү жөнөтүлөт.
5.2. Жеңүүчү аныкталгандан кийин Банк кызматкери үч жумуш күнүнөн кечиктирбестен акциянын жеңүүчүсү менен Банктын 0312 98 65 75; 5511 расмий телефон номери аркылуу байланышат.
5.3. Жеңүүчү менен байланышууга мүмкүн болгон учурда Банк кызматкери ага акциянын жеңүүчүсү болгонун маалымдайт жана ошол учурдан тартып 5 (беш) жумуш күнү ичинде Банк кеңсесине жеке баруусу зарылдыгын билдирет. Ошону менен бирге эле, эгерде жеңүүчү белгиленген мөөнөт ичинде Банктын кеңсесине келбеген учурда утуш кийинки кезекте турган талапкерге өткөрүлүп берилерин кошумча эскертет.
5.4. Банк Бишкек шаарынан тышкары аймактарда жашаган акция жеңүүчүлөрүнө байгелерди өткөрүп берүүнүн мөөнөтүн 10 (он) календардык күнгө чейин узартуу укугун өзүнө калтырат. Бул мөөнөттү көбөйтүү акция шартын бузуу болуп саналбайт.
5.5. Жеңүүчү филиалда инсандыгын күбөлөндүргөн документтин түп нускасын/санарип документин көрсөтүүгө (акцияны өткөрүү шартынын №2 тиркемесине ылайык) жана макулдук берүү өтүнмөсүн өз колу менен толтуруп тариздетүүгө тийиш.
5.6. Банк төмөнкү учурларда акциянын кийинки жеңүүчүсүн аныктайт:

5.6.1. Банк кызматкери берилген байланыш даректери боюнча 3 (үч) жолку телефон чалуу аракети менен акциянын жеңүүчүсүнө байланыша албаса же ал байланыштан тышкары аймакта болсо;

5.6.2. Акциянын жеңүүчүсү жеке ишкерлер үчүн шыктандыруучу акцияны өткөрүү боюнча ушул эреженин 5.3-пунктуна ылайык белгиленген мөөнөт ичинде Банкка келбей койсо;

5.6.3. Акциянын жеңүүчүсү байгени алуудан баш тартса;

5.6.4. Акциянын жеңүүчүсү банктык купуя сырды ачууга, жеке маалыматтарын иштетүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырууга макулдук бербесе;

5.6.5. Акциянын жеңүүчүсү байгени кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына кол койбосо.

5.7. Байгени тапшыруу алдында:

5.7.1. Банк кызматкери инсандыгын күбөлөндүргөн документ менен кайрылган жаранды текшерет, жеңүүчүнүн аты-жөнүнө шайкештигин жана жеке идентификациялоо номерин текшерет жана жеңүүчүнүн «АБанк» ААКсынын кардары экенин тастыктайт;

5.7.2. Жеңүүчү банктык купуя сырды ачууга, жеке маалыматтарын иштетүүгө жана маалыматты жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырууга макулдук берет;

5.7.3. Жеңүүчү байгени кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына кол коет;

5.8. Жеңүүчүнү салтанаттуу жарыялоо фото/санарип жабдууларга тартылат (фотоаппарат). Салтанаттуу байге тапшыруу аземинен алынган материалдар Банктын сайтында, социалдык тармактарда, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында акциянын жыйынтыгын жарыялоо үчүн колдонулушу мүмкүн.

5.9. Жеңүүчү байгеден баш тарткан учурда баш тартуу жөнүндө арызга кол коет (Акцияны өткөрүү эрежесинин 3-тиркемесине ылайык) жана ага инсандыгын күбөлөндүргөн документтин көчүрмөсүн тиркейт.

## 6. Катышуучулардын укуктары жана милдеттери

6.1. Катышуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- Акция жөнүндө ушул эрежеде көрсөтүлгөн көлөмдө жана тартипте маалымат алууга;
- Акцияны Уюштуруучу жөнүндө маалымат алууга;
- Ушул эрежеге ылайык утуш байгелерин алууга;

6.2. Акцияга катышуу акция катышуучуларынын ушул эреже менен таанышканын жана анын шарттарына толук макул болгонун билдирет.

6.3. Ушул эрежелерди сактоо, анын ичинде акцияга катышууга байланыштуу бардык иш-аракеттерди ушул эрежеде белгиленген мөөнөт ичинде аткаруу.

## 7. Банктын укуктары жана милдеттери

7.1. Банк акцияны өткөрүүгө, ошондой эле катышуучуларга байгелерди ушул шарттарга ылайык берүүгө милдеттүү.

7.2. Банк акциянын эрежелерине өз ыңгайына жараша кайсыл болбосун убакытта өзгөртүү киргизүүгө укуктуу. Ошондой эле, акцияны узартуу, токтотуу же эрежеге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маалыматты Банктын расмий сайтына жана расмий маалыматтык каналдарына жайгаштырат. Акция шарттарынын өзгөрүшү тууралуу маалымат Банктын

расмий сайтына жайгаштырылат жана жарыяланган күндөн тартып 10 жумуш күнү ичинде күчүнө кирет.

7.3. Ушул эрежеде каралган учурларда катышуучулардын, жеңүүчүлөрдүн жеке маалыматтарын толтуруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана документтерди катышуучулардан сурап алууга.

7.4. Акция жеңүүчүлөрү талап кылбаган же ар кандай себептер менен белектерди алуудан баш тарткан учурларда акция белектеринин жалпы санын акциянын жеңүүчүлөрүнүн жалпы санына ылайык кыскартууга. Мында талап кылынбаган белектер акция аяктагандан кийин берилбейт жана аларды Уюштуруучу өз ыңгайына жараша пайдаланат.

7.5. Эгерде жеңүүчү утуш жарыяланган күндөн тартып 10 (он) календарлык күн ичинде Банкка кайрылбаса Банк жеңүүчүгө белек берүүдөн баш тартуу укугун өзүнө калтырат;

· Жеңүүчү утуш жөнүндө жарыяланган учурдан тартып 10 (он) календардык күн аралыгында ушул эрежении 5.6-пунктунда көрсөтүлгөн документтерди бербесе же берилген документтер ушул эрежении талаптарына жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келбесе;

· Утуш жөнүндө маалымат жарыяланган учурдан тартып 10 (он) календардык күн аралыгында жеңүүчүгө белекти алуу жөнүндө маалымдоого мүмкүнчүлүк болбосо – жеңүүчүнүн номери бөгөттөлгөн болсо жана жеңүүчү байланыш аймагынан тышкары жүрсө же болбосо Банктан көз карандысыз себептер боюнча жеңүүчү телефонун албаса жана же байланышка чыкпаса;

· Катышуучу же жеңүүчү тарабынан акция шарттарын бузуу учурлары аныкталган учурда.

· Белектерди негизсиз алууну көздөгөн шылуундукка, алдамчылыкка же Банк жана акция катышуучулары үчүн жагымсыз кесепеттерге алып келиши мүмкүн болгон ар кандай көз жазгыруу аракеттерин ишке ашырууга шек жараткан катышуучуларга.

· Банктын, акция катышуучуларынын дарегине кемсинткен сөздөрдү айтса, акция жана Банк жөнүндө чындыкка туура келбеген маалыматтарды тараткан болсо.

7.6. Төмөнкү аракеттер жеңүүчү тарабынан акциянын шарттарын бузуу болуп эсептелет, бирок булар менен чектелип калбайт:

7.6.1. Акцияга катышууда такталбаган, толук эмес же бурмаланган маалыматтарды берүү;

7.6.2. Акциянын шарттарын жасалма аткарууга багытталган ойдон чыгарылган, жасалма же алдын ала сүйлөшүлгөн төлөм операцияларын ишке ашыруу (анын ичинде кайтарып берүү операцияларын, сумманы бөлүү, чыныгы экономикалык мааниси жок эсептешүүлөрдү жүргүзүү);

7.6.3. Төлөм системаларынын, банк сервистеринин же болбосо акция өткөрүү механизмдеринин ишине техникалык, программалык же башка кийлигишүү ыкмаларын пайдалануу;

7.6.4. Акцияга ушул эрежении талаптарын бузуу менен катышуу, анын ичинде акция катышуучусунун критерийлерине шайкеш келбегендик;

7.7. Акциянын жеңүүчүсү уткан учурда белекке карата өзүнүн менчик укугун үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө укугу жок.

## 8. Эскертүүлөр

8.1. Эгерде жеңүүчүлөр ар кандай себептер менен байгени берүүнү талап кылбаса же андан баш тартса, анда талап кылынбаган белек Банктын менчигинде калат. Мындай белектерге кайталап утуш өткөрүү кийинки акцияларда жүргүзүлөт, алар үчүн башка эрежелер жана шарттар кабыл алынат.

8.2. Эгерде жеңүүчү ушул эрежелерде каралган бардык талаптарды жана шарттарды аткарбаган учурда Банк жеңүүчүгө белек берүүдөн баш тартууга укуктуу.

8.3. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:

· Катышуучулардын Банктын расмий сайтына жайгаштырылган жеңүүчүлөр тизмеси менен таанышуу мүмкүнчүлүгү жоктугу үчүн;

· Катышуучулардын өздөрүнүн күнөөсү боюнча же катышуучудан жана/же Банктан көз карандысыз жагдайлардан улам белектерди алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды/документтерди албай калышы/кечиктирип алышы үчүн;

· Катышуучулардын ушул эрежеде каралган талаптарды аткара албай калганы үчүн (өз убагында аткарбаганы үчүн);

· Талап кылынбагандан же алардан баш тартуудан улам жеңүүчүлөрдүн акциянын белектерин албай калгандыгы үчүн;

· Ишкердик иштин иш жүзүндөгү түрүнө туура келбеген соода түйүнүндөгү туура эмес MCC код үчүн;

· Үчүнчү жактардын күнөөсү жана/же күтүүсүз жагдайлардан улам (форс-мажор) жеңүүчүлөргө белектерди тапшыруу боюнча өз милдеттерин аткаруунун мүмкүн эместиги үчүн.

· Акциянын катышуучусу каттоо маалыматтарында көрсөткөн байланыш жана башка маалыматтардын тууралыгына, тактыгына жана аныктыгына, буга байланыштуу акция катышуучулары менен көрсөтүлгөн байланыш даректери боюнча байланышууга мүмкүн эместигине, ошондой эле катышуучулардан алынган маалыматтарды акция максаттарына, анын ичинде Уюштуруучудан көз карандысыз башка себептерди кошуп алганда, белектерди берүү максаттары үчүн пайдалануунун мүмкүн эместиги үчүн.

· Жеңүүчүнүн белек боюнча күтүүлөрү үчүн.

8.4. Катышуучу акцияга катышуу менен:

· Ушул эрежелер менен толук таанышканын жана ага макул болгондугун тастыктайт;

· Фото жана – видеого тартууга катышууга, ошондой эле жеңүүчүнүн сүрөтүн Банктын расмий сайтында жана социалдык тармактардагы баракчалары аркылуу жарыялоо жана андан ары жайылтууга өз макулдугун тастыктайт;

· Банк тарабынан жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга жана сактоого өз макулдугун тастыктайт.

Жеңүүчү белекте ар кандай кемчилдиктер аныкталган учурда белек тапшырылган жана кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына жеңүүчү кол койгон учурдан тартып 10 (он) жумушчу күн ичинде Компаниянын башкы кеңсесине кайрылууга тийиш. Компания жеңүүчүгө белекти өткөрүп бергенден кийин жеңүүчү тарабынан аны пайдалануу же сактоо эрежелери бузулган себептүү, же үчүнчү жактардын аракетинин натыйжасында же күтүүсүз жагдайлардын кесепетинен улам келип чыккан байгенин кемчиликтери үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**Жеке ишкерлер үчүн шыктандыруучу акциянын**

**эрежелерине карата №1 тиркеме**

**«АБанк» ААКсынын Башкарма Төрагасынын орун басары**

**А.Т. Телеушевага**

______________________________

**Банктык купуя сырды, жеке маалыматтарды ачыкка чыгарууга жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жайгаштырууга макулдук берүү өтүнмөсү (форма)**

Мен, ______________________________________________, ушуну менен «АБанк» ААКсы (мындан ары – Банк) Банк кардарлары арасында өткөрүлүп жаткан «Visa Business Boost» акциясына байланыштуу Банк тарабынан акцияны маалыматтык жана жарнамалык чагылдыруу максатында (анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, бирок алар менен чектелбестен) менин Банктын кардары экенимди, акцияга катышып жатканымды жана акциянын жеңүүчүсү болгонум жөнүндө маалыматты, ошондой эле менин башка жеке маалыматтарымды жарыялоого жана жайылтууга толук макулдугумду берем.

20___-жылдын «___» _____________ (кол тамга)

ABank

**Жеке ишкерлер үчүн шыктандыруучу акциянын**

**эрежелерине карата №1 тиркеме**

**«АБанк» ААКсынын Башкарма Төрагасынын орун басары**

**А.Т. Телеушевага**

**________________________________**

**Утушту алуудан баш тартуу өтүнмөсү (форма)**

Мен, __________________________________________________, ушуну менен «АБанк» ААКсы (мындан ары – Банк) Банк кардарлары арасында өткөрүлүп жаткан «Visa Business Boost» акциясына байланыштуу утуш байгесин алуудан баш тартканымды тастыктайм. Акциянын Уюштуруучусу - «АБанк» ААКсына эч кандай дооматым жок.

(кол тамгасы, аты-жөнү, инициалы, ИНН)

20___-жылдын «___» ______________